УДК: 894.341(575.2)(043.3)
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-158-162

**Устабаева Г.К.**
филол. илим. канд., доц. м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
ustabaevagulnur@gmail.com
**Устабаева Г.К.**
канд. филол. наук, и.о. доц.
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
ustabaevagulnur@gmail.com
**Ustabayeva G.K.**
Candidate of Philological Sciences, Acting Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
ustabaevagulnur@gmail.com

# К. АРТЫКБАЕВДИН АЛГАЧКЫ МАКАЛАЛАРЫНДА ПОЛЕМИКАЛЫК СЫНДЫН БЕРИЛИШИ

# ПРЕДСТАВЛЕНИЕ ПОЛЕМИЧЕСКОЙ КРИТИКИ В РАННИХ СТАТЬЯХ К. АРТЫКБАЕВА

# INTRODUCING POLEMICAL CRITICISM IN EARLY ARTICLES K. ARTYKBAYEVA

**Аннотация:** Кыргыз адабий сынында өз орду бар К. Артыкбаев адабий сынга келип киргенден баштап эле талаш-тартыштарды жараткан макалаларды жазып баштаган. Анын жазган макалалары учур талабына төп келип, актуалдуу маселелерди көтөрүп чыккандыктан кызуу талкуулардын чордонуна айланып турган. К.Артыкбаев баштаган талкуулар учурунда маанилүү болуп, жаш жазуучулардын чыгармачылыгынын өсүшүнө өзүнүн таасирин тийгизген.
**Негизги сөздөр:** сын, полемика, талаш-тартыш, аңгеме, актуалдуу маселелер, профеционалдуу адабият, интеллегенция

**Аннотация:** К. Артыкбаев, занимающий видное место в кыргызском литературоведении, с момента вступления в литературную критику начал писать спорные статьи. Написанные им статьи соответствовали потребностям момента и становились предметом бурных дискуссий, поднимая актуальные вопросы. К. Артыкбаев приобрел большое значение в ходе дискуссий и повлиял на рост творчества молодых писателей.
**Ключевые слова:** критика, полемика, дебаты, рассказ, актуальное проблемы профессиональная литература, интеллигенция.

**Annotation:** K. Artykbayev, who occupies a prominent place in Kyrgyz literary criticism, began writing controversial articles from the moment he entered literary criticism. The articles he wrote corresponded to the needs of the moment and became the subject of heated discussions, raising topical issues. K. Artykbayev gained great importance during the discussions and influenced the growth of creativity of young writers.
**Keywords:** criticism, polemics, debates, short story, current problems, professional literature, intelligentsia.

1950-жылдардын экинчи жарымында кыргыз адабий сынына профессионалдуу даярдыгы бар сынчылар келип кирген. Маселен, А. Салиев, Ш. Үмөталиев, Б. Керимжанова, К. Асаналиев, М. Борбугулов, К. Укаевдер келишкен болсо, алардын катарын бир аз кийинчерээк К. Бобулов, К. Артыкбаев, А. Садыков, Т. Аскаров, С. Жигитов өңдүү жаш сынчылар толук-

таган. Ошол мезгилде кыргыз фольклору жана профессионалдуу адабиятынын актуалдуу проблемаларын көтөргөн адабий-сын макалалар жарыялана баштаган. К.Артыкбаев адабий сынга: «Жаш акындардын чыгармачылыгындагы Алыкул Осмоновдун таасири жөнүндө» [Ленинчил жаш. – 1956. – 10-июнь], «Жазуучу менен аңгеме» [Ленинчил жаш. – 1957. – 11-октябрь] «Куйкум сөздүү акын» [Ала-Тоо. – 1957. – №12], «А.Осмоновдун чыгармачылыгындагы традиция жана новаторлуктун кээ бир маселелери» [Ала Тоо. – 1957. – №6] ж.б. олуттуу маселелерди козгогон макалалары менен келип кирген.

Ошентип, К. Артыкбаев 50-жылдардын экинчи жарымынан 60-жылдардын биринчи жарымына чейин А.Осмоновдун акындык бейнесин ар тараптан изилдөөгө алгандан кийин адабият таануу илимине даярдыгы жетиштүү адабиятчы, сынчысы катары келип кошулган.

К. Артыкбаевдин көпчүлүк макалаларында адабият илимине жана сынына көңүлүн бурган курч маселелер козгологон.

Ошондой талаш туудурган макаласынын бири Н.Байтемировдун «Табылган дептер» аттуу повестине [Ала-Тоо. – 1959. – №1] жазылган макаласы болуп, 1959-жылы 2-августта «Ленинчил жаш» газетасына жарыяланган. «Жагымсыз ойлор, жасалма образдар» – деп макаланын аталышынан эле сынчынын жазуучуга койгон негизги дооматтары чыга келет. Биринчиден, советтик кыргыз интеллегенциясынын анча-мынча кетирген кемчиликтерин Н. Байтемиров «Табылган дептер» повестинде ачып көрсөтүүнү алдына максат кылып койгону менен, иш жүзүнө келгенде жагымсыз ойлорду жаратып, чындыкка сыйышпаган апыртуунун, куру фантазиянын курчоосунда калган. Экинчиден, Н. Байтемиров көрсөткөндөй, ал учурдагы идеялогия талап кылган советтик окумуштуунун билим деңгээли, моралдык жүзү, ыплас жүрүш-турушу ошол учурдагы айрым гана окумуштуулардын кемчиликтерин элестетпестен, жалпы эле тилчи-окумуштуулар карикатураланып калган. Үчүнчүдөн, чыгарма көрсөтөйүн деп максат кылган чындыкка жеткен эмес. Айтайын деген ойдон, берейин деген идеядан алыстаган.

Чынында эле К. Артыкбаев койгон дооматтардын негизи бар эле. Н. Байтемировдун повестинин каармандары болгон адабият мугалими Кемелдин образы да (анткени ал адабият сабагын эптеп эле өтүү менен алектенет), тилчи, окумуштуу Ашимовдун образы да (бул маданиятсыз, моралдык жактан бузулган адам) оңунан чыкпай калган. Ошондуктан сынчы жазуучунун бул чыгармасы мезгил талабына жооп бере албасын далилдеп, төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарат: «… жолдош Байтемировдун көрсөткөн оң каарманы Кемелдин образы да, терс каарман Ашимовдун образы да биздин чындыктан, турмуштан өз ордун таппаган, ойдон жасалган жасалма образдар болуу менен катар, дүркүрөп өсүп келе жаткан кыргыз интеллигенциясына шек туудуручу планда чечилип калган» [1]. Албетте,мындай ачуу сынды күтпөгөн жазуучу адабиятчыга катуу таарынып, мамилесин да өзгөртүүгө чейин жеткен. Бул тууралуу К. Артыкбаев «Кыргызстан маданияты» газетасына жарыяланган «Төгүлүп турган талант» [Кыргызстан маданияты. 1991. – 7-ноя. – №45. – 4-б] аттуу макаласында мындайча эскерген: «… жазылган макаланын жазуучу тарабынан абдан капа болуу менен кабыл алынгандыгын дароо эле байкадым. Насыкемдин мага болгон мамилесинин өзгөргөндүгү да ачык эле сезилип турду» – деп эскерген. Бирок, ал жазуучунун мындай өзгөргөн мамилесине терикпей, өзүнүн сынчылык милдетин өтөй берген.

Н. Байтемиров жогоруда К. Артыкбаев сынга алган чыгармасынан кийин бир топ аңгемелерин газета-журналдарга дембе-дем жарыялап жиберет. Ал чыгармалардын алгылыктуу жактарын дароо байкап, эми К. Артыкбаев чыгармачылык жактан дем берүү аракетинде мыкты аңгемелери жоолуга калса, ага карата жакшы пикирин жазып жарыялоого бел байлайт. Ошолордун ичинен Н. Байтемировдун «Булбулдун үнү» аттуу кичинекей аңгемеси ага өтө жагып, көп өтпөй аталган аңгеменин негизинде мыкты радиоинсценировка жазып, ал көп жылдар бою такай уктурулуп келген. Кийин К. Артыкбаев Н. Байтемировдун чыгармаларын коомчулукка таанытууда көп эле эмгек сиңирди. Ал тууралуу «Чыгармачылыктын кызыл кырманы» [Мугалимдер газетасы. – 1986. – 12-сент.), «Төгүлүп турган талант» [Кыргызстан маданияты. – 1991. – 7-нояб.] ж.б. макалаларды жазып чыгарды.

Аталган макалаларында К. Артыкбаев Н. Байтемировдун ар тараптуу талант экендигин жогору баалап, (акын, жазуучу, драматург, публицист), жазуучунун чыгармачылыгын ар та-

раптан изилдөөгө алып, 1982-жылы чыккан «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» аттуу окуу китебине чыгармачылык портретин киргизген, жана анын чыгармачылыгына байланыштуу атайын курстарды киргизүү менен бирге орто мектептин окуу программасынан да орун алуусуна үлүшүн кошкон. Демек, мындан сынчынын жазуучуга калыс мамилесин көрүүгө болот.

Кийинчерээк Н. Байтемировдун чыгармачылыгы боюнча С. Искендерова кандидаттык диссертациясын коргосо, Н. Байтемировдун кызы Изати да акындын чыгармачылыгы боюнча дипломдук иш аткарып, экөөнө тең профессор К. Артыкбаев жетекчилик кылган.

Ушул сыяктуу ачуу, таттуу сындарды К. Артыкбаев кыргыз адабиятында "төбөсү" көрүнгөн ар бир акын-жазуучуга карата айтып келген. Мисалга 1964-жылы 23-июлда «Советтик Кыргызстан» газетасына жарыяланган «Күн менен сарала итте эмне айып» деген макаласын белгилесек болот. Анда Т. Акматовдун «Күн болбой куруп кал» [2] жана А. Саспаевдин «Сарала ит» [3] аттуу аңгемелери талдоого алган. К. Артыкбаевдин байкоосу боюнча жаш жазуучу Т. Акматов өзүнүн аталган аңгемесинде «окуяны, сюжетти туура өнүктүрө албай, жасалмалуулукка, ишенимсиздикке айландырып, идеясыздыкка түшүп» кеткен болсо, А. Саспаев чыгармада баш каарман болгон «сарала итти туура эмес позицияда, бүдөмүк максатта, калпыс идеяда сүрөттөп көрсөткөн». Аталган чыгармаларда учур талабына жарашкан маанилүү идея жоктугун баса белгиленгендиктен бул эки чыгарма республикалык деңгээлдеги чоң талкууга да кириптер болгон. «Советтик Кыргызстан» газетасы болсо К. Артыкбаевдин макаласы тууралуу мындай деп жазган: «… Кийинки кездерде «Ала-Тоо» журналында чыгармаларды тандоодо принципиалдуу талаптын кыйла бошоңдоп кеткени байкалат. Журналдын редакциясы, анын редколлегиясы жаңыдан кадам шилтеген айрым жаш жазуучулардын чыгармаларына сын көз менен карап, туура багыт берүүнүн ордуна, ылгабай эле чыгара берүү жолуна түшкөн. Ошондуктан жогорку макалада көрсөтүлгөндөй, идеялык жагынан калпыс, ал гана турсун зыяндуу, жалган эстетикалык чыгармалар жарыкка чыгып кеткен» [Күн менен сарала итте эмне айып. Советтик Кыргызстан. – 1964-жыл. – 23-июль] Чындыгында К. Артыкбаев өзүнүн макаласында газетада белгиленгендей, жогорудагы эки аңгемеге идеялык күнөө коюуга ниеттенген эмес. Болгону советтик окурман туура тарбия алууга мүмкүн болбогон чыгарманы жаратуу эч пайда алып келбесин гана күн тартибине коюп, «Азыркы күндүн турмушуна кайрылганда бороондо эч жардамсыз калган кемпир, же жазыксыз өлгөн сарала ит сыяктуу алгалыксыз кокустук, натуралистик көрүнүштөрдү зордоп, жасалма жол менен типтештирүүгө аракет кылбай, доорубуздун күрдөөлдүү арышын көрсөтүүчү мүнөздүү көрүнүштөрдү – башкы нерселерди ылгап алып, алардын тарбиялык маанилерин ачып көрсөтүүгө умтулуулары керек» – деген позициясын билдирген. Мындай мамилени ошол учурдун коомдук кырдаал талап эткен, анткени, идеясы бүдөмүк чыгармаларга каршы күрөш ошол доорго бир эсе зарыл болсо, бир эсе талап болгон.

К. Артыкбаев 2004-жылы жарык көргөн «XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы» деген көлөмдүү эмгегинде жогоруда көтөрүлгөн маселелердин тарыхий чындыгын учкай чагылдырып өткөн [4].

Негизинен К. Артыкбаевдин жаш калемгерлерди сындаган макаласына карата жазылган адабиятчы Камбаралы Бобуловдун «Разнос вместо критики» [Сын ордуна сокку. // Правда. – 1964-ж. – 14-сент.] деген чакан репликасын жазган. Ошол кезде К. Бобулов борбордук «Правда» газетасынын Кыргызстандагы кабарчысы эле. Ал өзүнүн макаласында К. Артыкбаевдин пикири менен келише албай тургандыгын билдирип К. Артыкбаевдин макаласына «карасанатайлыкка толгон бул макала жол берилгис оройлук менен жазылган», – деген дооматтарды коюу менен мындай макала жаш авторлордун чыгармачылыгына зыянын тийгизет деген корутундусун чыгарат. Чынында ал учурда чыгармалардын катуу сындалганынан улам, мыкты, адамга тарбиялык мааниси чоң, руханий байлык тартуулап, эстетикалык ырахат берген чыгармалар жаралган.

Бул маселе боюнча 1965-жылы 8–9-январында жаш прозачылардын республикалык кеңешмеси болуп өтүп, ага белгилүү жазуучулар, сынчылар: Т. Сыдыкбеков, К. Маликов, Н. Байтемиров, Ч. Айтматов, Т. Абдумомунов, К. Асаналиев, К. Артыкбаев, А. Салиев,

С. Жигитов, О. Орозбаев, москвалык белгилүү жазуучу-сынчылардын делегациясы: П.У. Бровка, В. Аксенов, В.М. Пискунов, В.П. Дорофеев ж.б. катышкандыктан, күн тартиби кеңири масштабдагы, чоң талкууга айланган. Бул талкууда жаш жазуучулардын аңгемесин жактап, К. Артыкбаевдин сын-макаласына каршы чыккандар болгон (Ч. Айтматов, Т. Сыдыкбеков, Т. Үмөталиев, С. Эралиев, О. Орозбаев). Ошолордун ичинен Т. Сыдыкбеков өзүнүн «Чоң адабияттагы жаш өнүмдөр» аттуу макаласын жазып, анда жаштарга «… чоң доомат коюунун зарылдыгы жоктугун, мындай катуу сын аларга зыян тийгизээрин» [5] баса белгилеген. Бирок, сынчынын макаласында эч кандай чоң, зыяндуу доомат жоктугун, болгону сынчы К. Артыкбаев тарабынан коомдук өнүгүүгө жараша, типтүү көрүнүштү гана реалдуу сүрөттөөнү талап кылган. Ошондуктан К. Артыкбаевдин позициясын көпчүлүк жазуучу, сынчылар, Борбордук комитеттин мүчөлөрү (А. Токомбаев, Ш. Бейшеналиев, Т. Абдумомунов, Т. Усубалиев, А.П. Чубаров, Е. Вакулов ж.б.) колдоп, булардын сүйлөгөн сөздөрү газеталарга да жарыяланып, маалыматтар берилген эле [6].

Эки күнгө созулган бул талкуу ошол кездеги КП БКнын президиумунда каралып, К. Артыкбаев козгогон маселенин туура экендигин тастыктоо менен аяктаган. Ошондуктан акын Н. Жаркынбаев 1965-жылы 13-январда «Ленинчил жашка» жарыяланган «Кеңешме кандай кеңештерди берди» деген макаласында: «… жаштардын ал чыгармаларында али да болсо турмуш көрүнүштөрүн сулп бойдон эле кагаз бетине түшүрүү, аны көркөмдөп, кераксиз жактарын алып таштап, кемчиликтерин кыял менен толуктоо маселеси жок экени ачык байкалат», – десе, ушул эле ойду «Советская Киргизия» гезитиндеги (1965-ж. 13-январь) «Литературной критике – принципиальную основу» деген макалада да белгиленген. Ал эми 1965-жылы 27–28-декабрда өткөрүлгөн Кыргызстан Жазуучулар Союзунун пленумунда Союздун башкармасынын 1-катчысы Т. Абдумомунов «Азыркы кездеги кыргыз адабий сынынын абалы жана милдеттери жөнүндө» деген темада жасаган докладында «Сарала ит», «Күн болбой куруп кал», «Качуу» ж.б. ошолорго окшогон аңгемелердин кемчиликтерин да курулай жактоого алганыбыз биздин эч кимибизге аброй алып келбейт» [7] – деп К. Артыкбаевдин позициясын жактаган.

Жазылган чыгармалар Ф. Энгельс айткандай: «Турмуш чындыгынын деталдарын туура көрсөтүүдөн тышкары, типтүү кырдаалдагы типтүү мүнөздөрдү» чагылдырыш керек болучу. Ушундан улам жаш жазуучулар коомдун жалпы өнүгүү багытын эстерине алышпаганын айгинелешип, бороондо адашкан кемпир менен сарала иттин образын жаратуу менен алар советтик коомдук өнүгүүнүн өзү ошондой түзүлүп жаткан сыяктуу көз караштарын беришкен.

А. Саспаевдин «Сарала ит» аңгемеси ошол учурдагы советтик коомдук өнүгүүнүн чындыгын эмес, башка фактылардын негизинде жазылганын анын «Кыргызстан маданияты» газетасына [1975. – 20–27-ноя., – 4-дек.] жарыяланган «Мен көргөн Кытай» аттуу эскерүү баяны менен таанышкандан кийин байкалат. Көрсө А.Саспаев 1962-жылдын ноябрь айына чейин Кытайдын Үрүмчү шаарында жашаган. Ошол жерде «Эл басмасынын» кыргызча бөлүмүн башкарып турган. 1958-жылы Синцзнян Уйгур автономиялуу районунда буржуазиялык идеяларды жоюу максатында «Стилди түзөтүү» кыймылы башталган. Өзгөчө бул кыймылдын курмандыгына кыргыз-казактын билимдүү адамдары чалдыккан. Мына ушулардын арасында А. Саспаев да бар эле. Билимдүү жаш жазуучу ошол кыймылга каршы турган реакциончул болуп чыгып, жалган жалаа менен жумушунан четтетилип, саясаттын «камчы чабарларынын» жетегинде калган. Ошондон кийин А. Саспаевди эмгек түзөтүү лагерине жиберип, шахтыларда 12 саат бою эс алдырбай иштөөгө мажбурлаган.

Ошол жакта иштеп жүргөндө ченелип берилген тамакка жетпей, ач калган адамдарды көргөн. Ошол учурду жазуучу: « … бир кишиге бир айлык май нормасы үчүн 250 г. суу май, 500 г. эт берилет» [8] – деп эскерет.

Ушундай күндөргө дуушар болгон жазуучу советтик граждандык паспортту алып, 1962-жылы Кыргызстанга көчүп келген. Бирок, жашоонун кыйындыгынан, анын үстүнө чек арада бир топ күн суук үйдө баш калкалагандыктан, жаш наристесине суук тийип, чарчап калган. Ошондо наристени жайына жашырууда орогонго ак кепин, көмүүгө мүрзө таппаганын жазуучу каңырыгы түтөп эскерет. Демек, жазуучу Кытайда жашаган күндөрүндө өзүнүн чыгар-

масындагы сарала иттикинен кем эмес күндү көрүп,аны иттин прототиби аркылуу бергеби деген ой кетет. Кытайдагы бийлик жүргүзгөндөргө үн катуудан корккон жазуучу татаал жашоого баш ийип, каршылык көрсөтпөй, өз мекенине араң кайтып келгенине ыраазы болот. Ошондон кийин жазуучу «Шейшеп», «Татым туз» ж.б. сыяктуу биздин коомдо орун албаган проблемаларды чагылдырган чыгармаларды жазган. Албетте, эгер Кытайдагы А. Саспаевдин көргөн күндөрүн анын аңгемелери менен салыштырсак типтүү кырдаал, типтүү образ келип чыгат. Бирок, аңгемелер советтик коомдо жашаган кыргыз мамлекетинде жарыкка чыккандыктан, дал ошол советтик коомдун турмуш чындыгын чагылдырып жазгандай кабыл алынгандыктан, ошого карата жогорудагыдай сынга дуушарланган.

Чынында аңгемедеги иттин тагдырын адамга салыштыра турган болсок, анда түз, эч кимге зыянын тийгизбей өз оокатын кылып жүргөн адамды жалган жалаа менен атып салган болобуз. Бул көрүнүш совет доорундагы чындык менен эч жакындаша албайт. Коомдогу типтүү көрүнүш эмес.

Ошондуктан, кандай калчап ой жүгүртсөң да биздин коомго туура келбей турган чыгарма жаралганы өзүнөн-өзү түшүнүктүү болуп отурат. Демек, К. Артыкбаевдин учур талабына жараша ээлеген позициясы туура десек жаңылышпаган болор элек. Ал эми бүгүнкү күндүн көз карашы менен баа бере турган болсок, коомдук өзгөрүүдөн улам А. Саспаевдин чыгармаларындагы идеялар азыркы күн үчүн өтө актуалдуу. Чыгарма дал ушул мезгилге ылайык келгендиги менен өз баасын азыр алып жатат. Анткени, жазуучунун жеке чыгармачылык өнөрканасы жөнүндө илимий иштер жазылып, коргоого алынган.

Жыйынтыктап айтканда, К. Артыкбаевдин алгачкы сындарынын окурмандарга таасирдүүлүгүн, илимий аргументтүүлүгүн эле көрбөстөн, автордун сөз менен иштей билген так, таамай жаза алган чеберчилигин да көрүүгө болот.

К. Артыкбаевдин алгачкы полемикалуу макаларынын өзөгүндө советтик идеологияга болгон берилүү, аны улантып өстүрүүгө белсенип кирүү деми жатканын байкоого болот. Окумуштуу өз заманынын мыкты, мекенчил инсаны болгонун суктануу менен белгилеп кетсек ашык болбойт. Себеби чыгармалардын өзөгүн аңтара сындоо менен адамдык кадыр-парсат эмес, алдыга кыргыз адабиятын өстүрүү милтетин койгон. Кай бир акын-жазуучулар сынчынын сындоолорун көтөрө албай катуу таарынып, өмүр боюу ичтери жылыбай, бирок сындалып отуруп, адабиятта мыкты чыгармалары менен калса, кай бирлери Н.Байтемиров сыяктуу ошол учурда эле чыйралып, жакшы мамиле менен узак убакыттар жылуу мамиледе болушкан. Бул К.Артыкбаевдин полемикалуу сын макалаларынын алгачкыларындагы көрүнүш гана болгон.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Артыкбаев К. Жагымсыз ойлор, жасалма образдар [Текст] / К. Артыкбаев // Ленинчил жаш. – 1959, 2-август.

2. Акматов Т. Күн болбой куруп кал [Текст] / Т. Акматов // Ала-Тоо. – 1963. – №3.

3. Саспаев А. Сарала ит [Текст] / С. Саспаев // Ала-Тоо. – 1963. – №12.

4. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы [Текст] К. Артыкбаев. – Бишкек: «ТАС» ЖЧК, 2004. – 360-б.

5. Сыдыкбеков Т. Чоң адабияттагы жаш өнүмдөр [Текст] / Т. Сыдыкбеков // Ленинчил жаш. – 1965, 8-январь .

6. Советтик Кыргызстан, 1965, 8-январь, Ленинчил жаш, 1965, 8-январь, 13-январь, Советская Киргизия, 1965, 13-январь.

7. Абдумомунов Т. Азыркы кездеги кыргыз адабий сынынын абалы жана милдеттери жөнүндө [Текст] / Т. Абдымомунов // Ала-Тоо. – 1966. – № 2.

8. Саспаев А. Мен көргөн Кытай [Текст] / С. Саспаев // Кыргызстан маданияты. – 1975. – 20–27-ноябрь.

**Рецензент: филол. илим. канд., доц. Кудайбергенова З.С.**